

Автору: Жылдыз Бекболотова
Иллюстрациялаган: Евгения Цыбуркова
Кереметтин эки досу
5-китеп
BalaBook
балдар үчүн китептер

***Урматтуу ата-энелер!***

Балага китеп окуп берүү — бул жөн гана жомок айтып берүү эмес. Бул — жүрөктөрдү жакындаткан өзгөчө көз ирмем, мээримге толгон убакыт жана балаңыздын келечегине кошкон баалуу салым. Сиздин үнүңүздү угуп, жаныңызда отуруп китеп уккан бала өзүн коопсуз сезет, сүйүүнү жана камкордукту тереңирээк туят.

Мындан тышкары, чогуу китеп окуу — ата-эне менен баланын ортосундагы ишенимди бекемдейт. Каармандардын жоруктарын талкуулоо, суроолорго жооп берүү, күлүү жана кыялдануу — мунун баары сиздердин байланышыңызды дагы да тереңдетет. Бала үчүн эң баалуу нерсе — сиздин убактыңыз жана көңүл буруунуз.

Адистердин айтымында, китеп окуу баланын сөз байлыгын кеңейтет, элестетүү жөндөмүн өнүктүрөт жана ой жүгүртүүсүн жакшыртат. Мындай учурда баланын мээсинде жаңы байланыштар пайда болуп, эс тутуму жана көңүл буруусу чыңдалат. Эрте жаштан китеп менен дос болгон баланын окууга болгон кызыгуусу артып, билим алууга умтулуусу күчөйт.

Андыктан ар бир күнү китепке бир нече мүнөт бөлүңүз. Бул мүнөттөр жылуу эскерүүлөргө айланып, балаңыздын жүрөгүндө өмүр бою сакталат.

BalaBook китеп жыйнагы сиздерге керемет көз ирмемдерди тартуулап, сиздер менен бирге болсун!

Көңүлүңүздөр сергисин, бирге окуп, бирге өсүңүздөр!

Саламым менен,
Китептин автору
***Жылдыз Бекболотова***

Автору: Жылдыз Бекболотова
Иллюстрациялаган: Евгения Цыбуркова

# Кереметтин эки досу

5-китеп

2026

Айсулуу айылга кеткенден бери Керемет менен Берметтин сүйлөшкөндөрү эле айыл болуп жатты. Элеп-желеп болуп “качан Айсулуунукуна конокко барабыз?” деп апаларынын жанын коюшпайт. Апалары болсо “каникул болсун” деп кутулушат.



- Бермет тиги Кереметтин досу Айсулуунукуна барам деп эле жанды койбойт, - деп бир күнү Берметтин апасы Кереметтин апасына кайрылды.

- Ооба, өткөндө Айсулуу келгенде ошентип сүйлөшүп алышыптыр, - деп күлдү ал.

- Берметти жибересиңби?

- Жибербеске аргам жок го. Ак эткенден так этип жүрөт.

- Анда мен айылга чалып, Айжаркын менен сүйлөшөйүн.



Айсулуунун апасы каникулду күтпөй эле дем алышта жибергиле деген экен. Бул сунуш эки кызга жага бербей калды. Бермет менен Керемет өз алдынча сүйлөшүп, Айсулууга белек алалы деп чечишти.



Керемет кутучасында болгон акчасын алып чыгып, апасына асылып атып, дүкөнгө алып барды. Дүкөндүн ичи толо дүнүйө. Оюнчук десең оюнчук, кийим десең кийим. Ары тандап, бери тандап атып, акыры бир мончоктон тизилген билерикке токтоду. Колго жасалган кооз билерик экен. Керемет акчасын санап, өзүнө бирди, Берметке бирди анан Айсулууга бирди алды.



- Апа, карасаңыз кандай кооз мончоктор. Үчөөбүз үч билерик тагынып “Үч Мончок” деген банда болобуз. Бул биздин ажырашкыс дос экенибизди билдирет. - деп мактанды.

- Сонун экен, буйрусун баарыңарга. Ал эми бул футболканы менден белек деп ала бар, - деди апасы жылмая.



Дем алышта атасы эки кызды айылга алып жөнөдү. Бермет Айсулууга деп куурчак сатып алыптыр. Экөө машинада тынбай быдылдап сүйлөп келе жатышты.





- Сени менен айылга барган жакшы экен. Эрикпейсиң. Жалгыз барганда жол тим эле узакка созулуп кетет да, - деп Керемет күлдү.

- Мага жол алыстай эле сезилип атат. Бат эле жетип, Айсулуу менен көрүшсөк экен.

- Ой, дагы кечке жүрөбүз.

- Кечке эмей эле, азыр эле жетип барабыз. Андан көрө экөөңөр мага ырдап бергиле. Мен деле жол арытайын да, - деп күлдү атасы.

Эки кыз айттырбай эле созолонтуп ырдап жатышты.

Акыры дөңдөн өткөндө Кереметке тааныш айыл көрүндү.

- Ура-а, биз жеттик, - деп ал кол чаап сүйүндү.



Айсулуу аларды көчөдө эле күтүп отурган экен. Машина жолдон бурулары менен алдыларынан чуркап чыкты. Чоң аталарына учураштырбай эле эки досу менен кучакташып көрүштү.

Үчөөнүн кубанычы бүт дүйнөнү каптап тургандай.



Чай үстүндө Керемет Берметти “тоокторду кубалаба” деп эскертип, өзүнүн башынан өткөн жоругун айтып берди.

- Тоокторду кубалайм деп короздун каарына калып, андан качам деп кыкка малынып, баарына шылдың болгом. Тоокторго тийише көрбө, Бермет, - деп күлкүсүн араң тыйды.



- Анан алардан алысыраак ойноймдеп көчөгө чыгып, мени менен таанышкан, - деди Айсулуу сөз талаша.

- Эгерде короздон качып, сендей дос таба турган болсом, анда мен азыр эле тоокторду кубалайм, - деп күлдү Бермет. - Ошондо үч эмес, төрт мончок болобуз.

- Аа, баса Айсулуу, мен сага белек алып келдим. Мына бул билерикти тагынып жүр. Бермет экөөбүздүкү дагы бар. Биз эми мындан ары «Үч мончок» деген банда болобуз.

- Ураа, чоң рахмат белегиңе. Биз үч мончокбуз эми. - деп Айсулуунун чечекийи чеч болду.



Балдарына удаалай келип, чай ичип отуруп калган Кереметтин чон атасы кыздарга кайрылып:

-Достууганданартыкдепкыргыз элинде илгертеден айтылып келген. Ушул достугуңарды сактай билгиле, - деди.



Эми үч кыздын кубанычында чек жок. Үчөө Айсулуунун мышыктары менен ойноп, алма бакта секирип, эртеден бери чарчашты. Бери басып келген Керемет жерде жаткан Айсулуунун куурчагын алып ойной баштады. Аны көрө койгон Бермет чуркап келди.





- Керемет, мен бул куурчакты Айсулууга алып келгем. Уруксат сурабай эмнеге алдың? Келе бер мага,- деди.

- Ал азыр ойнобой эле да. Жерде жатыптыр, мен ойноп атам.

- Жерде жатса деле биринчи сураш керек.

- Эч нерсеси кемибейт го. Ойноп турайын.

- Бер дейм, бул куурчак сеники эмес.

- Бербейм.

Экөө тартышып жатып, бир маалда куурчактын көйнөгүн жыртып салышты. Эки досунун талашын көргөн Айсулуу ары жактан чуркап келди. Аны көргөн берки экөө куурчакты дароо жерге таштай коюшту. Айсулуу куурчагын жерден ала коюп, ыйлаган боюнча үйгө чуркап кетти.





- Мына сен кылдың. Эч нерсеси кемибейт деп жатып жыртып салдың го.

- Мен сага талаш дедимби? - деп Керемет көгөрүп болбойт.

- Мен сага биринчи Айсулуудан сурап, анан ойно дедим го.

Керемет үйүн көздөй, Бермет Айсулуунун артынан кетти. Үйгө келип көңүлү суз отурду.

- Керемет, сага эмне болду? -  деп сурады атасы.

- Эч нерсе болгон жок.

- Анда эмне жалгыз отурасың? Мончокторуң кайда?

- Алар эми менин мончокторум эмес. Мен жалгыз эле мончок болом, - деп бурк этти.

- Эмне урուштуңарбы?

- Ооба, экөө кошулуп алып, мени кодулашты. Барбайм экинчи, ойнобойм дагы.

- Кой, антпе. Достукта ошондой болот. Кээде урушасың, анан кайра табышасың. Ошон үчүн достор дейт. Уруш дагы болуп туруш керек.

- Чын элеби?

- Ооба, уруш болуп турат. Апаң экөөбүз деле кээде урушуп кетип жатпайбызбы. Бирок билесиңби, урушкан эмес элдешкен утат.

- Чын эле менин айымдан Айсулуунун куурчагынын көйнөгү айрылып калды. Кайра барсам мени кошушат болду бекен?

- Сен барып кечирим сурасаң, алар сени кечирет.







Керемет чечкиндүүлук менен кайра көчөгө чыкты. Айсулуу менен Бермет дагы деле куурчак менен алек болуп жатышкан экен. Кереметти көрмөксөнгө салып, ойной беришти. Керемет жакын барганга даабай обочодо карап турду. Ичинен “мен азыр барып кечирим сурасам, алар мени кечирбей койсочу? Экинчи сени менен ойнобойбуз, уруксатсыз аласың, жыртасың дешсечи”.

Ушинтип ойлогон сайын, Керемет кечирим сурайм деген оюнан кайта баштады. Кайра үйгө чуркап кирип, короодо ойлонуп отурду. Ары жактан чоң энеси чыкты.



- Керемет, сага эмне болду? Эмнеге жалгыз отурасың?

Ал чоң энесине баарын төкпөй-чачпай айтып берди. Чон энеси күлүп:

- Азыр мен сага үйдөн табакка алма, жүзүм, момпосуй салып, даярдап берем. Аны алып досторуңа бар дагы кечирим сура. Алар сени жакшы көрүшөт, кечиришет.

Керемет чоң энеси даярдап берген жер-жемишти көтөрүп, кудуңдап досторуна жөнөдү.

- Мени кечирип койгулачы. Мен мындай болот деп ойлогон эмесмин, - деди Керемет башын жерге салып.

- Айсулуу, кечирелиби же кечирбей эле коёлубу?! - деди Бермет күлкүсүн араң тыйып.

- Табагын кайра алып кете электе кечирели, - деди Айсулуу досун кучактап.

- Кардыңарды эле ойлойсуңар экөөңөр, - деп Керемет дагы күлдү.



- Жок, биз сени жана эле кечиргенбиз. Бирок сен момпосуй алып келгенде дароо эле кечирдик.

- Бирок сенсиз ойногон кызыксыз эле экен. Экинчи урушпай эле коёлучу, - деп Айсулуу сунуш киргизди, - А куурчагымдын көйнөгүн апам тигип берем деди.

- Анда бок-бок, экинчи урушмай жок, - деп достор бири-бирине убада беришти.



Үчөө дем алыш бүткөнчө ойноштту. Жекшемби күнү түштөн кийин эки кыз кайра шаарга жөнөштү. Айсулуу аларга алма бактан өз колу менен терип келген себетти тапшырып, жылуу коштошту. Айжаркын кызынын курбу күтүп, чоң киши болуп калганына ыраазы болуп турду.






**Керемет айылда** (1-китеп)
Керемет кантип короз менен кармашып, көчөдөн Айсулуу менен достошту? Керемет кандай ачылыш жасады жана эмнеге үй жаныбары керек деп чечти? Кеттик анда Керемет менен айылга!




**Кереметтин тоодогу бир күнү** (2-китеп)
Асандан угуп, Керемет да тоого баргысы келди. Бул китеп Керемет менен атасынын тоодогу бир күнүн баяндайт. Керемет кантип күчүктүү болду жана ветеринар анын күчүгүн кантип дарылады?




**Кереметтин мышыгы** (3-китеп)
Ураа, Керемет мышыктуу болду! Мышыгынын аты — Минка. Минка кимге окшош? Лума менен Минка достошобу же касташабы? Муну бул китептен билесиң, балакай.




**Кереметтин досу Айсулуу** (4-китеп)
Достук — бул бирге ойноп, бирге күлүү эле эмес, кечире билүү өнөрү! Үч достун кызыктуу жоругуна күбө бол. Алардын шаардан айылга саякатына кошул.